Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

# Кыргыз Республикасынын
# төлөм теңдеми

2008-жылдын тогуз айы үчүн

2009-жылдын январь айы

Бишкек

РЕДАКЦИЯЛЫК
КЕҢЕШ:

| | |
|---|---|
| Төрагасы: | З. Чокоев, |
| Кеңештин мүчөлөрү: | Абдыбалы тегин С., |
| | Ш. Молдоканов, |
| | С. Урустемов, |
| | Г. Исакова. |
| Жооптуу катчы: | А. Бердигулова. |

## *Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми*

Бул басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан даярдалган жана анда тышкы сектордун өнүгүүсүндөгү акыркы тенденциялар чагылдырылып, төлөм теңдеми, тышкы соода, эл аралык камдар, тышкы карыз жана эл аралык инвестициялык позиция боюнча статистикалык маалыматтар ошондой эле, төлөм теңдемин түзүү ыкмалары жана маалымат базасы камтылат. Басылма жылына 4 жолу – январь, май, июль жана октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

**Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2009-жылдын 20-январы.**

### **Шарттуу белгилер жана эскертүүлөр**:

... маалыматтардын жок экендигин билдирет;

— көрсөткүчтөр 0 (нөлгө) барабар же мааниге ээ эмес экендигин билдирет;

- жылдар же айлар ортосундагы мезгил аралыгын (мисалы 1994 - 1996-жылдар же январь - июнь айлары) билдирет, бул жерде чектүү даталар аралыгындагы жылдар жана айлар камтылган.

Цифраларды тегеректөөдөн улам, акыркы саптарда суммаларды чыгарууда дал келбестиктер болушу мүмкүн.

Басылмада пайдаланылуучу эсепке алуу ыкмаларынын же буга чейин колдонулуп келген маалыматтардын өзгөртүлүшү ыктымалдыгына байланыштуу, мурда келтирилген маалыматтар корректировкаланышы мүмкүн жана ага ылайык 10 жылды камтыган мезгил аралыгы "ачык" деп эсептелинет.

Басылмага байланыштуу суроолор боюнча:

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгынын
Төлөм теңдеми жана тышкы карыз бөлүмүнө
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 312) 66-90-57, 66-90- 56 телефондору,
(996 312) 66-90-55, 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта: aberdigulova@nbkr.kg

Уюштуруучусу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма, Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде 605 номеринде каттоодон өткөртүлгөн.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2009-жыл.

Басылманы кайрадан басып чыгаруу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксаты менен жүзөгө ашырылат, ал эми андан шилтеме келтирүүдө булагын көрсөтүү зарыл.

ЖЧК "UnitPrint" полиграфия комплексинде басууга даярдалды жана басылып чыгарылды.
Бишкек ш., Садыгалиев көчөсү, 1а.
Тел.: (312) 35 71 80
Факс: (312) 35 71 67.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын башка басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***

Басылма Улуттук банктын өткөн жыл үчүн толук отчету болуп саналат. Ал өзүнө республиканын экономикалык өнүгүшү жана акчакредит саясаты, финансылык отчеттуулук, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***

Бул маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү, экономика секторлору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама***

Басылма, республикадагы жана анын региондору боюнча керектөө бааларынын динамикасын, инфляциянын негизги факторлоруна жүргүзүлгөн анализдөөлөрдү, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акчакредит саясат жагында кабыл алган чечимдери жөнүндөгү маалыматтарды камтуу менен кийинки мезгил аралыгына инфляциялык болжолдоолорду берет. Басылма чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Банк тутумунун өнүгүү тенденциялары***

Финансылык ортомчу катары банк тутумунун абалына, ошондой эле курамдык элементтери боюнча анын туруктуулугуна иликтөөлөрдү жүргүзүү "Банк системасынын өнүгүү тенденциялары" басылмасында келтирилген. Басылма жарым жылда бир жолу кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***

Республиканын коммерциялык банктарын жана коомчулукту Улуттук банктын ченемдик актылары жана банктын иши жөнүндөгү расмий маалыматтар менен камсыз кылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын кеңири жайылтуу үчүн Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоо, бул басылманын негизги максаты болуп саналат. Басылма айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланып турат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***

Улуттук банкта болуп өткөн жаңылыктарды, финансы рыногунун негизги маалыматтарын камтыйт. Жума сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланып турат.

Басылмалар Улуттук банктын Төрагасынын буйругу менен бекитилген тизмеге ылайык таркатылат жана Улуттук банктын Web-баракчасында http:\\www.nbkr.kg дареги боюнча жайгаштырылып келүүдө.

### Урматтуу окурмандар!

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы 2008-жылдын биринчи чейреги үчүн соодага тиешелүү маалыматтар такталып берилгендигине көңүлүңүздөрдү бурат.

**Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси**

| | |
|---|---|
| АКЖО | - Акчакредиттик жөнгө салуу органдары |
| АКУ | - Атайы карыз алышуу укугу |
| АӨБ | - Азия өнүгүү банкы |
| БАЭ | - Бириккен Араб Эмираттары |
| ДБ | - Дүйнөлүк банк |
| ДТК | - Дүңүнөн алгандагы тышкы карыз |
| ЕШК | - Европа Шериктештиги Комиссиясы |
| ЖМК | - Жалпыга маалымдоо каражаттары |
| ЖТК | - Жалпы тышкы карыз |
| ИДП | - Ички дүң продукт |
| КБ | - Коммерциялык банктар |
| КБИ | - Керектөө бааларынын индекси |
| КМШ | - Көзкарандысыз Мамлекеттердин шериктештигине кирген өлкөлөр |
| КР | - Кыргыз Республикасы |
| МБИ | - Мамлекеттик бажы инспекциясы |
| МКВ | - Мамлекеттик казына векселдери |
| МТК | - Мамлекеттик тышкы карыз |
| НЭАК | - Номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| ӨЭУ | - Өкмөттүк эмес уюмдар |
| РЭАК | - Реалдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| СИФ | - Импортер-өлкөнүн чегарасындагы баа |
| ТЖ | - Техникалык жардам |
| ТЭИТН | - Тышкы экономикалык ишкердиктин товардык номенклатурасы |
| УСК | - Улуттук Статистика комитети |
| ФМ | - Финансы министрлиги |
| ФОБ | - Экспортер-өлкөнүн чегарасындагы баа |
| ЭВФ | - Эларалык Валюта Фондусу |
| ЭСТК | - Эларалык стандарттык товардык классификация |

## МАЗМУНУ

**Төлөм теңдеминин учурдагы абалы** ... 7
**I тиркеме. Таблицалар жана графиктер** ... 17
I.1-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (нейтралдуу берүүдө) ... 18
I.2-таблица. Экспортту ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча бөлүштүрүү ... 26
I.3-таблица. Экспортту ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча бөлүштүрүү ... 26
I.4-таблица. Импортту ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча бөлүштүрүү ... 27
I.5-таблица. Импортту ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча бөлүштүрүү ... 27
I.6-таблица. Экспортту функционалдык бөлүштүрүү ... 28
I.7-таблица. Экспортту географиялык бөлүштүрүү ... 28
I.8-таблица. Импортту функционалдык бөлүштүрүү ... 29
I.9-таблица. Импортту географиялык бөлүштүрүү ... 29
I.10-таблица. Продукциялардын негизги түрлөрүнүн экспорту ... 30
I.11-таблица. Продукциялардын негизги түрлөрүнүн импорту ... 32
I.12-таблица. Баалардын индекси жана экспорттун физикалык көлөмү ... 34
I.13-таблица. Баалардын индекси жана импорттун физикалык көлөмү ... 35
**Өлкөлөр боюнча экспорттолуучу товарлардын негизги түрлөрү** ... 36
I.14-таблица. Россияга товарлардын экспорту ... 36
I.15-таблица. Казакстанга товарлардын экспорту ... 37
I.16-таблица. Өзбекстанга товарлардын экспорту ... 38
I.17-таблица. Беларусияга товарлардын экспорту ... 39
I.18-таблица. Швейцарияга товарлардын экспорту ... 40
I.19-таблица. Кытайга товарлардын экспорту ... 41
I.20-таблица. Түркияга товарлардын экспорту ... 42
I.21-таблица. БАЭ товарлардын экспорту ... 43
I.22-таблица. Афганистанга товарлардын экспорту ... 44
**Өлкөлөр боюнча импорттолуучу товарлардын негизги түрлөрү** ... 45
I.23-таблица. Россиядан товарлардын импорту ... 45
I.24-таблица. Казакстандан товарлардын импорту ... 46
I.25-таблица. Өзбекстандан товарлардын импорту ... 47
I.26-таблица. Беларусиядан товарлардын импорту ... 48
I.27-таблица. Украинадан товарлардын импорту ... 49
I.28-таблица. Кытайдан товарлардын импорту ... 50
I.29-таблица. АКШдан товарлардын импорту ... 51
I.30-таблица. Германиядан товарлардын импорту ... 52
I.31-таблица. Түркиядан товарлардын импорту ... 53
I.32-таблица. Япониядан товарлардын импорту ... 54
I.33-таблица. Корея Республикасынан товарлардын импорту ... 55
I.34-таблица. Нидерланддан товарлардын импорту ... 56
I.1-график. Алмашуу курсу жана номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекси ... 57
I.35-таблица. Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курстарынын индекстери ... 58
I.36-таблица. Кыргыз Республикасына четөлкө тике инвестицияларынын таза агылып келүүсүнүн географиялык түзүмү ... 60
I.37-таблица. Кыргыз Республикасына экономикалык ишкердиктин түрлөрү боюнча тике четөлкө инвестициялары ... 60
I.38-таблица. Эларалык камдар ... 61
I.39-таблица. Кыргыз Республикасынын тышкы карызы ... 61
I.40-таблица. Кыргыз Республикасынын тышкы карызынын кредиторлордун түрлөрү боюнча түзүмү ... 62
I.41-таблица. Кыргыз Республикасынын эларалык инвестицияларынын балансы ... 63
I.42-таблица. Кыргыз Республикасынын четөлкө активдеринин жана милдеттенмелеринин динамикасы ... 64
**II тиркеме.**
II.1-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдемин түзүү үчүн Улуттук банк тарабынан пайдаланылуучу маалымат булактары ... 65

# ТӨЛӨМ ТЕҢДЕМИНИН УЧУРДАГЫ АБАЛЫ

Күндөлүк операциялар эсеби терс калыптануу менен 489,6 млн АКШ долларын же ИДПга карата 12,5 пайызды түзгөн.

**1-график. Күндөлүк операциялардын эсеби**
*ИДПга карата пайыздар*




## СООДА БАЛАНСЫ

Кыргыз Республикасынын тышкы соода жүгүртүүсүнүн көлөмү 2008-жылдын январынан сентябрь айына чейинки мезгил аралыгында 2007-жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда 45,3 пайызга көбөйүү менен 4 001,1 млн. АКШ долларын түзгөн.

**2-график. КР соода балансы**
*ИДПга карата пайыздар*




Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча соода балансынын тартыштыгы 1 412,6 млн. АКШ доллары көлөмүндө түптөлгөн, бул 2007-жылдын тогуз ай ичиндеги көрсөткүчүнөн 70,0 пайызга көп.

Товарлардын ФОБ баасындагы экспорту[1] 2007-жылдын ушул эле мезгилиндеги 961,3 млн. АКШ долларына караганда, отчеттук мезгилде 1 294,2 млн. доллар көлөмүндө түптөлгөн.

Экспорттун функционалдык түзүмүндө[2] январдан сентябрь айына чейинки мезгил аралыгында, инвестициялык товарларды эске албаганда, бардык статьялар боюнча өсүш байкалган. Экспортту функционалдык бөлүштүрүүнүн эң ири статьялары болуп, аралык товарлар (экспорттун жалпы көлөмүндө 39,3 пайыз, энергопродуктулары (27,1 пайыз) жана керектөө товарлары (21,1 пайыз) саналган. Аралык товарлардын экспорту 2008-жылдын январь-сентябрь айлар аралыгында, базалык мезгилге салыштырганда 36,8 пайызга өскөн жана 449,5 млн. АКШ долларын түзгөн. Бул өсүш алтынды жана күмүштү, органикалык эмес химиялык заттарды, цементти жана портландцементти, метал сыныктарын жана метал калдыктарын, кагазды, картонду жана кагаз буюмдарды, резина дөңгөлөктөрдү берүүлөрдүн өсүшү менен түшүндүрүлөт. Мунайзаттарынын реэкспортунун өсүшүнүн эсебинен отчеттук мезгилде энергопродуктуларды берүүлөр 47,3 пайызга өскөн жана 309,8 млн. АКШ долларын түзгөн. Керектөө товарларын экспорттоо нарктык мааниде 241,5 млн. АКШ долларын түзүү менен 34,6 пайызга көбөйгөн. Товарлардын бул категориясында экспорттун өсүшү жашылча, жемиш, кийим-кечелер, сүт азыктары, алтын жана күмүштөн жасалган зер буюмдары, маргарин жана аралаш майлар, тирүү жандыктар сыяктуу ири товардык позициялар боюнча байкалган. Инвестициялык товарлардын 2008-жылдын январь-сентябрь айлары үчүн нарктык көлөмү 2007-жылдын тогуз айы менен салыштырганда 40,5 пайызга төмөндөгөн, мында бул топтун экспорттук операциялардын жалпы көлөмүндөгү салыштырма салмагы 5,3 пайыздан 2,2 пайызга чейин кыскарган. Биздин өлкөгө мурда алынып келинген атайын багытка каралган автомобилдердин

[1] Улуттук банктын жана УСКнын баа берүүлөрүн эске алуу менен.

[2] Улуттук банктын жана УСКнын баа берүүлөрүн эске албастан.

экспортунун жоктугу бул төмөндөөнүн негизги себебинен болгон, мындай жагдай 2007-жылдын ушул эле мезгилинде да катталган.

**1-таблица. Товарлардын экспорту**
*(АКШ млн. долларында)*

| | 9 ай 04 | 9 ай 05 | 9 ай 06 | 9 ай 07 | 9 ай 08 |
|---|---|---|---|---|---|
| Экспорт (ФОБ) | 530,2 | 496,8 | 649,5 | 961,3 | 1294,2 |
| *Өзгөрүүлөр, %* | *40,0* | *-6,3* | *30,7* | *48,0* | *34,6* |

2008-жылдын январь-сентябрь айларында экспорттун географиялык түзүмүндө[3] КМШ өлкөлөрү менен алыскы чет өлкөлөрдүн үлүшү, тиешелүүлүгүнө жараша 52,4 жана 47,6 пайыз чегинде катталган.

2008-жылдын январь-сентябрь айларында олуттуу көлөмдөгү товарлар КМШнын Россия, (экспорттун көлөмү 237,3 млн. АКШ долларын түзгөн), Өзбекстан (174,0 млн. АКШ доллары), Казакстан (154,3 млн. АКШ доллары) сыяктуу өлкөлөргө экспорттолгон. Отчеттук мезгилде товарларды Россияга экспорттоо 48,4 пайызга өскөн. Экспорт түзүмүндө бул өлкөгө жашылча жана жемиштерди, кийим-кечелерди, тапталган айнекти жана авиакеросинди (реэкспорт) жана пахтаны берүүлөр көбөйгөн. Тогуз айдын жыйынтыгы боюнча Өзбекстанга экспорттоо негизинен мунайзаттарын берүүлөрдүн өсүшүнөн улам 3,1 эсеге өскөн. Казакстанга экспорт 2,4 пайызга көбөйгөн. Мындай көбөйүү негизинен, сүт азыктарын, маргаринди жана аралаш майларды, электрэнергиясын берүүлөрдүн, ошондой эле ысытуу лампаларына, цементке жана портландцементке баалардын өсүшүнүн эсебинен жүргөн. Мындан тышкары, экспорттун товардык түзүмүндө бул өлкөгө айрым курулуш материалдырынын, кийим-кечелерди жана товарларды ташуу жана таңактоо үчүн колдонулуучу пластмассадан жасалган буюмдарды берүүлөр төмөндөгөнү байкалган. Алыскы чет өлкөлөрдүн ичинен Бириккен Араб Эмираты (БАЭ) (2007-жылдын тогуз айына салыштырганда 5,4 эсеге), Турция (45,1 пайызга), Латвия (4,0 пайызга), Швейцария (45,0 пайызга) сыяктуу ири өнөктөш-өлкөлөргө экспорттук берүүлөр бир кыйла өскөн. БАЭго экспорт негизинен алтынды берүүлөрдүн эсебинен көбөйгөн, бирок, мындан тышкары отчеттук мезгилде бул өлкөгө авиакеросинди реэкспортоо жүзөгө ашырылган. Турцияга экспорттун өсүшүнүн негизги себеби, авиакеросинди (реэкспорт), ошондой эле жаңгактарды берүүлөрдүн көбөйүүсү эсептелген. Латвияга экспорттук берүүлөрдүн көлөмү мунайзаттарынын эсебинен өскөн, ал аталган өлкөгө экспорттун 94,8 пайызын камсыз кылган. Швейцарияга экспорт салттуу түрдө алтынды берүүлөрдүн эсебинен өскөн, анын көлөмү баалардын өсүшү эсебинен сыяктуу эле, берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн өсүш эсебинен да көбөйгөн. Ошол эле мезгилде Кытайга (2007-жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда 26,7 пайызга), Афганистанга (62,3 пайызга) экспорттун кыскаргандыгы байкалган. Мындай жагдай негизинен, инвестициялык товарлардын, жүндү, кой, козу терилерди, мазутту, алюминийди берүүлөрдүн кыскарышынан улам келип чыккан. Афганистанга экспорттун төмөндөшү мунайзаттарынын реэкспортук берүүлөрдүн кыскарышы менен түшүндүрүлөт.

Товарлардын ФОБ баасындагы **импорту** 2008-жылдын январь-сентябрь айларында 2007-жылдын ушул эле мезгилиндеги 1 792,3 млн. АКШ долларына караганда, 2 706,8 млн. АКШ долларын түзгөн.

СИФ баасындагы импорттун функционалдык түзүмүндө, отчеттук мезгилде бардык статья боюнча өсүш белгиленген.

**2-таблица. Товарлардын импорту**
*(АКШ млн. долларында)*

| | 9 ай 04 | 9 ай 05 | 9 ай 06 | 9 ай 07 | 9 ай 08 |
|---|---|---|---|---|---|
| Импорт (ФОБ) | 642,3 | 772,4 | 1157,2 | 1792,3 | 2706,8 |
| *Өзгөрүүлөр, %* | *30,2* | *20,2* | *49,8* | *54,9* | *51,0* |

Керектөө товарларынын импорту негизинен медикаменттердин, канттын, ундун, кофенин, чайдын, какаонун жана алардан жасалган продуктулардын, көбүнчө шоколад, этти жана эт азыктарын, өсүмдүк майын, ар түрдүү суусундуктар, жашылча жана жемиш, дан азыктарынан алынган продуктулар, кийим жана бут кийим, ошондой эле жеңил автомлбилдерди берүүлөрдүн эсебинен 2,6 эсеге өскөн. Чийки заттардын импорту чоюн жана болоттун, дан

[3] Улуттук банктын жана УСКнын баа берүүлөрңн эске албастан.

эгиндеринин физикалык көлөмүнүн көбөйүшүнөн, булардын көлөмү импорттук баалардын өсүшүнүн таасиринде өскөн, ошондой эле жыгач импортунун өсүшүнөн улам көбөйгөн. Аралык товарларды берүүлөр 37,8 пайызга өскөн. Товарлардын бул тобунда, отчеттук мезгилде кездемелерди, органикалык эмес химиялык заттарды, эфир майларын, кагазды, картонду жана кагаздан жасалган буюмдарды, жер семирткичтерди, боечу жана ийлөөчү заттарды, метал сыныктарын жана баалуулукка жатпаган түстүү метал калдыктарын берүүлөрдүн өскөндүгү байкалган. Инвестициялык товарларды импорттук берүүлөр 18,8 пайызга өскөн, бул телефон жана телеграф аппараттары, жүк ташуучу автомобилдер, атайын багытка каралган автомобилдер, ар кандай техникаларды, жабдууларды жана инструменттерди берүүлөр менен түшүндүрүлөт. Мунай заттарын, көмүрдү берүүлөрдүн бааларынын өсүшү жана физикалык көлөмү, ошондой эле жаратылыш газына баалардын өсүшү энергопродуктуларынын импорту 78,4 пайызга өсүшүн аныктаган.

Географиялык түзүмгө ылайык, СИФ басында, 2008-жылдын январынан сентябрына чейинки мезгил аралыгында алыскы чет өлкөлөрдөн берүүлөрдүн көлөмүнүн эки эсеге өскөндүгү байкалган, ал эми КМШ өлкөлөрдөн импорттун өсүшү 55,9 пайызды түзгөн. Бирок, мындай олуттуу өсүшкө карабастан, алыскы чет өлкөлөрдүн импорттун жалпы көлөмүндө салыштырма салмагы жогору эмес деңгээлде 43,5 пайызда калган, ошол эле учурда КМШ өлкөлөрүнүн үлүшү 56,5 пайызды ээлеген.

КМШ өлкөлөрүнүн ичинен импорт операциялары боюнча негизги өнөктөштөрдөн болуп Россия, Казакстан жана Өзбекстан саналат. Бул өлкөлөрдүн Кыргызстандын КМШ өлкөлөрү менен импорттук операцияларынын жалпы көлөмүндөгү үлүшү, тиешелүүлүгүнө жараша 69,4, 16,2 жана 6,9 пайыз чегинде катталган. Россия импорту 65,5 пайызга артуу менен 1 135,8 млн. АКШ долларын түзгөн. Бул өлкөлөрдөн мунайзаттарын, чоюн жана болотту, ийне жалбырактуу өсүмдүк жыгачтарын, сыраны, шоколад азыктарын, өсүмдүк майларын берүүлөр өскөн. Казакстандан импорттук түшүүлөр 33,6 пайызга өсүү менен 265,3 млн. АКШ долларына жеткен. Казак импорту дан эгиндерин, унду, алкоголсуз суусундуктарды, автомобиль бензиндерин, көмүрдү жана түстүү метал сыныктарын жана калдыктарын, чоюнду жана болоту, органикалык эмес химиялык заттарды берүүлөрдүн өсүшү менен мүнөздөлгөн. Өзбекстандан импорт отчеттук мезгилде 37,4 пайызга көбөйүп жана нарктык маанисинде 113,6 млн. АКШ долларын түзгөн. Отчеттук мезгилде баалардын өсүшүнөн улам жаратылыш газынын импорту, ошондой эле Өзбекстандан берилүүчү жер семирткичтин импорттук түшүүлөрү жогорулаган.

Иликтенип жаткан мезгилде алыскы чет өлкөлөрдүн арасынан Кытай (алыскы чет өлкөдөн импорттун жалпы көлөмүнөн 38,0 пайыз), Германия (17,0 пайыз), Япония (7,9 пайыз) жана АКШ (6,4 пайыз) өлкөлөрү импорт операциялары боюнча эң ири өнөктөштөрдөн болушкан. 2008-жылы тышкы соода операциялардын статистикасынын сапатынын жакшырышы, көбүнчө, жеке адамдардын соода статистикасын географиялык жана товардык түзүм боюнча бөлүштүрүү мүмкүнчүлүгү, тышкы соода ишинин маалыматтарын толугураак чагылдырууга мүмкүндүк берген. Ошентип, 2008-жылдан тартып, Япониядан жана Германиядан жаңы же мурда колдонулган автомобилдердин импортунун олуттуу өсүшү байкалган, бул аларды берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн өсүшү менен гана эмес, биринчи кезекте – тышкы соода ишинин статистикасынын сапатынын жакшырышы менен да түшүндүрүлөт. Кытайдан импорт 2008-жылдын тогуз айында 2007-жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда эки эсеге өскөн. Бул өлкөдөн текстил кездемелердин, жарандык курулуш үчүн машиналардын жана жабдууларын, электр байланышынын аппараттарын жана жабдыктарын, жүк ташуучу автомобилдерди, атайын багытка каралган автомобилдердин, кийимдин, бут кийимдин, башка инструменттердин импорту өскөн. АКШдан отчеттук мезгилде 2007-жылдын тогуз айына салыштырганда 21,7 пайызга көбүрөөк товар импорттолгон. Мындай жагдай медикаменттерди, үй канаттуулар этин, ошондой эле мурда колдонулган жеңил автомобилдерди берүүлөрдүн өсүшү менен түшүндүрүлөт.

## ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР БАЛАНСЫ

Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансы 2007-жылдын тогуз айындагы 40,7 млн. АКШ доллар өлчөмүндөгү оң сальдого караганда, 2008-жылдын тогуз айында 52,7 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү терс сальдодо түптөлгөн. Мында кызмат көрсөтүүлөр экспорту 41,6 пайызга көбөйгөн, ал эми импорт 2007-жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда 67,8 пайызга өскөн.

Резидент эместерге сунушталган кызмат көрсөтүүлөрдүн жалпы көлөмү 2007-жылдын ушул эле мезгилиндеги 461,7 млн. АКШ долларына караганда, 2008-жылдын тиешелүү мезгилинин жыйынтыгы боюнча 653,9 млн. АКШ долларын түзгөн.

Кызмат көрсөтүүлөрдүн жалпы экспортунда «кыдыруулар» (48,6 пайыз), «транспорттук кызмат көрсөтүүлөр» (21,1 пайыз), «ишкердик кызмат көрсөтүүлөр» (10,0 пайыз), «курулуш жагынан кызмат көрсөтүүлөр» (2,8 пайыз) статьялары эң чоң салыштырма салмакты ээлешет.

**3-график. Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансы**
*ИДПга карата пайыздар*




Отчеттук мезгилде экспорттун көбөйүшү 2007-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 1,4 эсеге өскөн жана 317,9 млн. АКШ долларын түзгөн «кыдыруулар» статьясы боюнча кызмат көрсөтүүлөр экспортунун өсүшү менен байланыштуу болгон, ошондой эле «транспорттук кызмат көрсөтүүлөр» статьясы боюнча кызмат көрсөтүүлөр экспорту 2007-жылдын ушул эле мезгилине салыштырмалуу 1,5 эсеге өсүү менен 138,1 млн. АКШ долларын түзгөн, «ишкердик кызмат көрсөтүүлөр» статьясы боюнча кызмат көрсөтүүлөр экспорту 2007-жылдын ушул эле мезгилине салыштырмалуу 1,1 эсеге өсүү менен 65,6 млн. АКШ долларынын чегинде катталган, «курулуш жагынан кызмат көрсөтүү» статьясы боюнча кызмат көрсөтүүлөр экспорту 2007-жылдын ушул эле мезгилине салыштырмалуу 1,4 эсеге өсүү менен 18,3 млн. АКШ долларын түзгөн.

Кызмат көрсөтүүлөр импортунун көлөмү 2008-жылдын тогуз айынын ичинде 706,6 млн. АКШ долларынын чегинде катталган. Кызмат көрсөтүүлөр импортунда олуттуу үлүштү «транспорттук кызмат көрсөтүүлөр» (48,3 пайыз), «кыдыруулар» (28,8 пайыз), «ишкердик кызмат көрсөтүүлөр» (9,0 пайыз), «курулуш жагынан кызмат көрсөтүүлөр» (5,2 пайыз) статьялары түзөт.

Отчеттук мезгил ичинде импорттун көбөйүшү төмөнкү статьялар боюнча кызмат көрсөтүүлөр импортунун өсүшүнө байланыштуу болгон: «тарнспорттук кызмат көрсөтүүлөр» 2007-жылдын тогуз айына салыштырмалуу 41,1 пайызга көбөйүү менен 2008-жылы 341,1 млн. АКШ долларын түзгөн, ошондой эле импорттун олуттуу өсүшү «кыдыруулар» статьясына туура келген, ал 2007-жылдын тогуз айына салыштырмалуу 3,2 эсеге көбөйүү менен 2008-жылы 203,4 млн. АКШ долларын түзгөн, мындай көбөйүү «Ишкердик кызмат көрсөтүү» статьясында да болгон, ал өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 4,6 пайызга көбөйгөн. Ошондой эле «курулуш жагынан кызмат көрсөтүүлөр» статьясы базистик мезгилге салыштырганда 4,3 эсеге көбөйүү менен 2008-жылдын тогуз айы ичинде 36,5 млн. АКШ долларын түзгөн.

## КИРЕШЕЛЕР

2008-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча кирешелер балансынын сальдосу 99,4 млн.АКШ доллары өлчөмүндө терс калыптанган, бул 2007-жылдын салыштыруу үчүн алынган көрсөткүчүнөн эки эсеге көп.

Бул статьянын балансынын терс сальдосу резиденттердин «Тике инвестициялар боюнча кирешелер» статьясына тиешелүү чыгашалардын көбөйүүсүнө байланыштуу келип чыккан. Алсак, 2007-жылдын тогуз айындагыга салыштырганда «тике инвестициялар боюнча кирeше-

лер» статьясынын терс сальдосу 81,1 млн. АКШ долларын түзүү менен 88,2 пайызга көбөйгөн. Тике чет өлкө инвесторлору тарабынан берилген кредиттер боюнча пайыздык төлөмдөрдүн өсүшү бул өзгөрүүгө эң эле олуттуу таасирин тийгизген. «Тике инвестициялар боюнча кирешелер» статьясы 2007-жылдын ушул эле мезгилиндеги 8,8 млн. АКШ долларын түзгөн оң сальдого караганда, 2,3 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү терс сальдодо түптөлгөн. Бул көрсөткүчтүн терс сальдосу чет өлкө кредиттери боюнча төлөнгөн пайыздардын суммасынын артышы менен шартталган.

2008-жылдын тогуз айы ичиндеги «Эмгекке төлөөлөр» статьясынын сальдосу 16,3 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс чыккан жана 2007-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда бул көрсөткүч 6,5 пайызга көбөйгөн.

## КҮНДӨЛҮК ТРАНСФЕРТТЕР

Күндөлүк трансферттер балансынын оң сальдосу 2008-жылдын тогуз айы үчүн 1 075,1 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң сальдодо түптөлгөн жана базистик мезгилдин көрсөткүчүнөн 1,5 эсеге ашкан. Күндөлүк трансферттердин жалпы көлөмүндө иштеп жаткандардын акчалай которуулары негизги үлүштү ээлейт, алардын таза агымы 50,7 пайызга көбөйгөн. Мындай өсүш, Кыргыз Республиксынын Улуттук Статистикалык комиттин маалыматтары боюнча 2008-жылдын тогуз айы ичинде республикадан миграциялык агылып чыгуу[4] 36,5 пайызга кыскаргандыгына карабастан жүргөн. Мында, эң чоң кыскаруу мурдатан бери эле эмгек мигранттарын негизги берүүчүлөрдөн болуп саналган Ош жана Жалалабат областтарынын келип чыккан.

Өз кезегинде, «иштеп жаткандардын акчалай которуулары» статьясында которуулар системасы[5] боюнча акча которуулар басымдуу үлүшүн ээлешет (79,8%). Отчеттук мезгил ичинде которуулар системасы боюнча акча которуулардын таза агылып кирүүсү 2007-жылдын салыштыруу үчүн алынган мезгилиндегиге караганда, 82,9 пайызга өскөн. Мында, акча которууларды географиялык бөлүштүрүү туруктуу бойдон калган. Алсак, 2008-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча которуулардын негизги үлүшү Россия Федерациясынан (92,6 пайыз), АКШдан (5,5 пайыз) жана Казакстандан (1,7 пайыз) түшкөн. Кыргыз Республикасынан которуулар негизинен Россия Федерациясына (92,0 пайыз), Казахстанга (4,7 пайыз) жана АКШга (2,3 пайыз) жөнөтүлгөн.

Бул жерде, акча которууларынын сальдосу керектөө товарларынын таза экспортунан ашып кетээрин белгилей кетүү зарыл, өз кезегинде 686,0 млн. АКШ долларындагы тартыштыгы менен түптөлгөн.

**4-график. Акчалай которуулардын жана керектөө товарларынын экспортунун сальдосу**
*ИДПга карата пайыздар*




Расмий трансферттердин таза агылып кирүүсү 2007- жылдын тиешелүү мезгилиндеги көрсөткүчтөн 22,3 пайызга азайуу менен 18,0 млн. долларды түзгөн. Мындай кыскаруу, эң башкысы мамлекттик сектор тарабынан алынган товардык гранттардын көлөмүнүн азайуусунан келип чыккан.

## КАПИТАЛ МЕНЕН ОПЕРАЦИЯЛАРДЫН ЖАНА ФИНАНСЫ ОПЕРАЦИЯЛАРДЫН ЭСЕБИ

Отчеттук мезгил ичинде капитал менен операциялардын жана финансы операцияларынын эсебинин балансы (аналитикалык түрдө берүүдө), 2007-жылдын ушул эле мезгилиндеги 181,1 млн. АКШ долларын түзгөн оң маанисине салыштырып караганда, 62,7 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү терс сальдодо түптөлгөн.

[4] Келгендердин минус кеткендердин саны.

[5] Anelik, Blizko, Contact, Migom, Money Gram, Western Union, Unistream, Золотая Корона, Лидер, Сибконтакт, Быстрая почта, Аллюр ж.б. которуу системалары жана «Кыргызпочтасы» мамлекеттик ишканасы аркылуу которуулар.

**5-график. Капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби**

*ИДПга карата пайыздар*




2008-жылдын тогуз айы ичинде капитал менен операциялар эсебинин тартыштыгы 38,4 млн. доллар өлчөмүндө түптөлгөн, бул 2007-жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда 35,5 пайызга аз. Мындай жагдай «мигранттардын трансферттери» статьясы боюнча таза агылып чыгуулардын кыскарышынан улам жүргөн, бул миграциялык агылып чыгуулардын азайуусу менен шартталган.

2008-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча финансы операцияларынын эсебинин сальдосу 2007-жылдын ушул эле мезгилинде 240,6 млн. АКШ долларында калыптанган оң мааниге салыштырып караганда, 24,3 млн. АКШ доллары өлчөмүндө терс түптөлгөн. Түптөлгөн мындай тенденция негизинен, башка инвестициялар боюнча таза агылып чыгуулардын, тике инвестициялар боюнча таза агылып кирүүлөрдөн артышы менен шартталган.

Отчеттук мезгил ичинде, тике инвестициялардын таза агылып кирүүсүнүн 2007-жылдын салыштыруу үчүн алынган көрсөткүчүнө караганда 1,4 пайызга өскөндүгү катталган, мында бул статьянын оң сальдосу 193,3 млн. АКШ долларын түзгөн. Отчеттук мезгил ичинде реинвестицияланган пайдага таза агылып кирүүлөр 73,8 пайызга, ал эми акционердик капиталга 2007-жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда 32,5 пайызга көбөйгөн. Ушуну менен катар эле, «Башка капиталга» таза агылып кирүүлөр 19,3 пайызга азайган.

Экономикалык ишкердиктин түрлөрүнө жараша классификациялоо боюнча, отчеттук мезгил ичинде 2007-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда кайра иштетүү өнөр жайына тике чет өлкө инвестицияларынын таза агылып кирүүсү 57,7 пайызга, финансылык ишкердикке 42,1 пайызга жана курулушка 2,7 эсеге өсүшү байкалган. Кыймылсыз мүлк менен операциялар чөйрөсүнө таза агылып кирүүлөрдүн төмөндөшү катталган.

Ушуну менен катар эле, 2007-жылдын тиешелүү мезгилиндеги таза агылып кирүүгө салыштырганда, тоо кендерин казып алуу өнөр жайында 1,5 млн. АКШ доллары көлөмүндө, транспорт жана байланыш тармагында 3,0 млн. АКШ доллар өлчөмүндө жана мейманканалар жана ресторандар боюнча 0,7 млн. АКШ доллары көлөмүндө тике инвестициялардын таза агылып чыгуулары катталган.

Отчеттук мезгил ичинде тике чет өлкө инвестициялардын таза агылып кирүүлөрүнүн географиялык түзүмүндө, алыскы чет өлкөлөрдүн жана КМШ өлкөлөрүнүн салыштырма салмактары, тиешелүүлүгүнө жараша 53,3 жана 46,7 пайызды түзгөн. Ал эми 2007-жылдын ушул эле мезгилинде бул катыш, тиешелүүлүгүнө жараша 45,8 жана 54,2 пайыз деңгээлинде болгон. Кароого алынып жаткан мезгилде алыскы чет өлкөдөн тике инвестициялардын көлөмү 103,0 млн. АКШ долларын түзгөн жана 2007-жылдын салыштыруу үчүн алынган каралуучу көрсөткүчүнө караганда 17,9 пайызга көбөйгөн. Инвестициялардын таза агылып кирүүлөрүнүн эң чоң үлүшү Улуубритания (алыскы чет өлкөлөрдөн инвестициялардын таза агылып кирүүлөрүнүн жалпы көлөмүнөн 23,5 пайыз), Кипр (18,0 пайыз), Корея (17,1 пайыз), Австралия (11,0 пайыз) сыяктуу өлкөлөргө туура келген. КМШ өлкөлөрүнөн тике инвестициялардын таза агылып кирүү көлөмү 12,4 пайызга төмөндөө менен 90,4 млн. АКШ долларын түзгөн. Бул эң башкысы, Казакстандан тике инвестициялардын таза агылып кирүүсүнүн 22,1 пайызга төмөндөшүнө шартталган, анын үлүшү 2008-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча КМШ өлкөлөрүнөн инвестициялардын таза агылып кирүүсүнүн жалпы көлөмүнөн 82,4 пайызга жакынын түзөт. Ушуну менен катар эле, Россиядан тике инвестициялардын таза агылып кирүүсүнүн 2,1 эсеге көбөйүшү байкалган, анын үлүшү 17,3 пайызды түзөт.

Отчеттук мезгил ичинде портфелдик инвестициялар боюнча таза агылып чыгуулар 2007-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 51,2 пайызга төмөндөгөнү белгиленген, бул кыргыз коммерциялык банктарынын чет өлкө баалуу кагаздары менен операциялары боюнча иш жигеринин төмөндөшүнөн улам келип чыккан.

Кароого алынып жаткан мезгилде башка инвестициялар статьясынын сальдосунун начарлашы байкалган, ал 2007-жылдын тогуз айынын ичиндеги 64,1 млн. доллар өлчөмүндөгү оң маанисине салыштырганда, 210,7 млн. АКШ доллар өлчөмүндө терс чыккан. 2008-жылдын тогуз айы ичинде бул статьянын калыптанышына тышкы активдер боюнча капиталдын агылып чыгышынын олуттуу өсүшү шартында, Кыргыз Республикасынын резиденттеринин тышкы милдеттенмелери боюнча капиталдын агылып кирүүсүнүн кыскаруусу олуттуу таасирин тийгизген.

Резиденттердин тышкы активдер боюнча капиталынын таза агылып чыгуусу отчеттук мезгил ичинде 279,9 млн. АКШ долларын түзгөн жана 2007-жылдын ушул мезгилине салыштырганда 11,3 эсеге көбөйгөн. Мындай олуттуу өзгөрүү, коммерциялык банктардын тышкы активдери боюнча капиталдын таза агылып чыгышы 61,6 көлөмдө жана «Жана башка активдер» боюнча капиталдын таза агылып чыгуусу 218,3 млн. АКШ доллар көлөмүндө шартталган. «Жана башка активдер» боюнча таза агылып чыгуу дебитордук карыздар боюнча төлөмдүн 2007-жылдын салыштырмалуу көрсөткүчүнө караганда 5,9 эсеге өсүшү менен шартталган, мында анын көлөмү 222,1 млн. долларды түзгөн. Экономикалык ишкердиктин түрлөрүнө ылайык классификациялоо боюнча отчеттук мезгил ичинде, финансылык ишкердик чөйрөсүндө 159,5 млн. АКШ доллары көлөмүндө, кайра иштетүү өнөр жайында 30,0 млн. АКШ доллары көлөмүндө дебитордук карыздардын олуттуу өсүшү байкалган.

Тышкы милдеттенмелер боюнча капиталдын таза агылып кирүүсү 2008-жылдын тогуз айынын ичинде 2007-жылдагы ушундай эле көрсөткүчкө салыштырганда 22,2 пайызга төмөндөө менен 69,2 млн. АКШ долларын түзгөн.

Коммерциялык банктардын тышкы милдеттенмелери боюнча капиталдын таза агылып чыгуулары 41,1 млн. АКШ долларын түзгөн. Ошол эле учурда кредиттик карыздар боюнча капиталдын таза агылып кирүүсү 2007-жылдын ушул эле мезгилиндеги 28,5 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү агылып чыгууларга караганда, иликтөөгө алынып жаткан мезгилде 62,9 млн. АКШ долларын түзгөн. Экономикалык ишкердиктин түрлөрүнө ылайык классификациялоо боюнча отчеттук мезгил ичинде транспорт жана байланыш ишканаларынын кредитордук карызы 47,0 млн. АКШ долларын, соодансыкы 20 млн. АКШ долларын түзгөн. Ушуну менен катар эле, кыймылсыз мүлк менен операциялар чөйрөсүндө кредитордук карыздын 17,9 млн. АКШ доллары көлөмүндө төмөндөшү катталган.

Отчеттук мезгил ичинде резидент эместерден алынган кредиттер боюнча агылып кирүүлөрдүн көбөйүшү байкалган. Алар боюнча таза агылып кирүү 47,4 млн. АКШ долларын түзгөн, алардын ичинен жеке секторго 32,9 млн. АКШ доллары түшкөн.

2008-жылдын тогуз айынын ичинде «Каталар жана калтырып кетүүлөр» статьясы 656,1 млн. АКШ долларында оң сальдодо түптөлгөн жана 2007-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 4,6 эсеге көбөйгөн.

Ошентип, 2008-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча төлөм теңдеминин сальдосу 103,8 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң чыккан. Мында, дүң эл аралык камдардын көлөмү отчеттук мезгилдин акырына карата 1282,7 млн. АКШ долларын түзгөн. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн импортунун алтын валюта камдары менен орду жабылышы коэффициенти 3,7 айды түзгөн.

**3-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (аналитикалык түрдө берүүдө)**
***(млн. АКШ долларында)***

| | 2004 | 2005 | 2006 | 2007 | 9 ай 2007 | 9 ай 2008 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялар эсеби** | **28,4** | **-38,4** | **-287,2** | **-228,3** | **-110,7** | **-489,6** |
| Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | -184,3 | -450,5 | -968,5 | -1 196,4 | -790,4 | -1 465,3 |
| Соода балансы* | -170,6 | -418,7 | -886,5 | -1 298,5 | -831,0 | -1 412,6 |
| Экспорт (ФОБ) | 733,2 | 686,8 | 906,0 | 1 337,0 | 961,3 | 1 294,2 |
| КМШ | 277,6 | 305,3 | 476,1 | 753,1 | 534,1 | 737,8 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 455,5 | 381,5 | 429,9 | 583,9 | 427,2 | 556,5 |
| Импорт (ФОБ) | 903,8 | 1 105,5 | 1 792,4 | 2 635,5 | 1 792,3 | 2 706,8 |
| КМШ | 554,4 | 641,0 | 925,8 | 1 417,0 | 975,3 | 1 504,9 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 349,4 | 464,5 | 866,6 | 1 218,5 | 817,0 | 1 202,0 |
| Кызмат көрсөтүүлөр балансы | -13,7 | -31,8 | -82,0 | 102,1 | 40,7 | -52,7 |
| Сунушталган кызмат көрсөтүүлөр | 209,8 | 259,4 | 378,7 | 684,3 | 461,7 | 653,9 |
| Алынган кызмат көрсөтүүлөр | -223,5 | -291,3 | -460,8 | -582,2 | -421,0 | -706,6 |
| Кирешелер | -102,2 | -88,2 | -48,2 | -52,4 | -49,6 | -99,4 |
| Тике инвестициялар боюнча кирешелер | -57,6 | -36,0 | -39,8 | -39,5 | -43,1 | -81,1 |
| Портфелдик инвестициялар боюнча кирешелер | 0,1 | — | 0,1 | 0,2 | 0,1 | 0,3 |
| Башка инвестициялар боюнча кирешелер | -30,5 | -31,8 | 15,8 | 7,7 | 8,8 | -2,3 |
| Кредиттер боюнча пайыздар (график) | -36,3 | -36,2 | -19,9 | -25,7 | -16,3 | -22,2 |
| Башка инвестициялар боюнча ж.б. кирешелер | 5,7 | 4,4 | 35,6 | 33,4 | 25,1 | 19,9 |
| Эмгекке төлөөлөр | -14,2 | -20,4 | -24,2 | -20,8 | -15,3 | -16,3 |
| Күндөлүк трансферттер | 314,9 | 500,3 | 729,5 | 1 020,5 | 729,2 | 1 075,1 |
| **Капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби** | **114,5** | **0,9** | **283,8** | **259,4** | **181,1** | **-62,7** |
| Капитал менен операциялар эсеби | -19,9 | -20,5 | -43,9 | -74,9 | -59,6 | -38,4 |
| Капиталдык трансферттер | -19,9 | -20,5 | -43,9 | -74,9 | -59,6 | -38,4 |
| Финансылык эсеп | 134,4 | 21,5 | 327,6 | 334,2 | 240,6 | -24,3 |
| Тике инвестициялар* | 131,5 | 42,6 | 182,0 | 208,1 | 190,6 | 193,3 |
| Портфелдик инвестициялар | -9,5 | 2,3 | -3,0 | -17,7 | -14,1 | -6,9 |
| Финансылык деривативдер | -20,5 | — | — | — | — | — |
| Башка инвестициялар | 32,8 | -23,4 | 148,6 | 143,9 | 64,1 | -210,7 |
| Активдер ("-" көбөйүү) | -35,8 | -47,5 | -24,0 | 19,5 | -24,8 | -279,9 |
| Коммерциялык банктар | -63,2 | -15,1 | -17,0 | 37,7 | 12,8 | -61,6 |
| Жана башка активдер | 27,4 | -32,4 | -7,0 | -18,2 | -37,6 | -218,3 |
| Милдеттенмелер ("+" көбөйүү) | 68,6 | 24,1 | 172,6 | 124,4 | 89,0 | 69,2 |
| Коммерциялык банктар | 42,2 | -11,9 | -26,6 | 66,6 | 76,2 | -41,1 |
| Кредиттер | 49,3 | 18,4 | 66,5 | 44,4 | 41,2 | 47,4 |
| Мамлекеттик секторго кредиттер | 56,3 | 17,2 | 54,4 | 28,1 | 23,6 | 14,5 |
| Алынганы | 99,2 | 66,9 | 78,6 | 55,0 | 41,9 | 35,1 |
| Амортизация (графиктер) | -42,9 | -49,7 | -24,2 | -26,9 | -18,3 | -20,5 |
| Жеке секторго кредиттер | -7,0 | 1,2 | 12,1 | 16,4 | 17,6 | 32,9 |
| Алынганы | 15,8 | 10,0 | 25,2 | 40,4 | 36,0 | 48,9 |
| Амортизация (графиктер) | -22,8 | -8,8 | -13,1 | -24,0 | -18,4 | -16,0 |
| Жана башка милдеттенмелер | -23,0 | 17,7 | 132,7 | 13,3 | -28,5 | 62,9 |
| **Каталар жана калтырып кетүүлөр** | **-24,2** | **66,6** | **187,2** | **276,3** | **142,9** | **656,1** |
| **Жалпы баланс** | **118,7** | **29,1** | **183,7** | **307,3** | **213,2** | **103,8** |
| **Каржылоо** | **-118,7** | **-29,1** | **-183,7** | **-307,3** | **-213,2** | **-103,8** |
| Улуттук банктын камдары | -160,6 | -80,5 | -169,9 | -306,8 | -208,2 | -108,5 |
| ЭВФтин кредиттери | -3,8 | -12,5 | -23,5 | -20,7 | -18,3 | -5,2 |
| Өзгөчө каржылоо | 45,7 | 63,9 | 9,7 | 20,1 | 13,3 | 15,3 |
| Жана башка каржылоо | — | — | — | — | — | — |

* Улуттук банктын баа берүүлөрүн эске алуу менен.

| 2007 | | | | 2008 | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| I | II | III | IV | I | II | III | |
| **-126,0** | **-61,8** | **77,1** | **-117,6** | **-253,1** | **-195,8** | **-40,7** | **Күндөлүк операциялар эсеби** |
| -245,2 | -302,5 | -242,6 | -406,1 | -413,3 | -568,2 | -483,8 | Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр |
| -204,0 | -302,2 | -324,8 | -467,5 | -417,0 | -523,7 | -471,9 | Соода балансы* |
| 299,6 | 307,6 | 354,0 | 375,7 | 318,4 | 427,6 | 548,2 | Экспорт (ФОБ) |
| 141,8 | 182,4 | 209,9 | 219,0 | 173,3 | 240,9 | 323,5 | КМШ |
| 157,9 | 125,2 | 144,1 | 156,7 | 145,2 | 186,6 | 224,7 | Алыскы чет өлкөлөр |
| 503,6 | 609,8 | 678,8 | 843,2 | 735,4 | 951,3 | 1 020,1 | Импорт (ФОБ) |
| 303,5 | 318,3 | 353,5 | 441,7 | 411,3 | 509,8 | 583,7 | КМШ |
| 200,2 | 291,5 | 325,3 | 401,5 | 324,1 | 441,5 | 436,4 | Алыскы чет өлкөлөр |
| -41,1 | -0,3 | 82,1 | 61,4 | 3,6 | -44,4 | -11,9 | Кызмат көрсөтүүлөр балансы |
| 95,3 | 146,6 | 219,7 | 222,5 | 180,6 | 225,0 | 248,4 | Сунушталган кызмат көрсөтүүлөр |
| -136,5 | -147,0 | -137,6 | -161,2 | -176,9 | -269,4 | -260,3 | Алынган кызмат көрсөтүүлөр |
| -30,4 | -8,0 | -11,1 | -2,8 | -51,4 | -15,0 | -33,0 | Кирешелер |
| -28,8 | -2,5 | -11,8 | 3,5 | -44,1 | -7,3 | -29,7 | Тике инвестициялар боюнча кирешелер |
| 0,1 | — | — | 0,2 | 0,3 | — | — | Портфелдик инвестициялар боюнча кирешелер |
| 3,6 | -0,2 | 5,5 | -1,1 | -2,3 | -1,9 | 1,9 | Башка инвестициялар боюнча кирешелер |
| -4,1 | -7,3 | -4,8 | -9,5 | -7,4 | -9,1 | -5,7 | Кредиттер боюнча пайыздар (график) |
| 7,7 | 7,1 | 10,3 | 8,3 | 5,1 | 7,2 | 7,6 | Башка инвестициялар боюнча ж. б. кирешелер |
| -5,2 | -5,3 | -4,8 | -5,4 | -5,3 | -5,8 | -5,2 | Эмгекке төлөөлөр |
| 149,6 | 248,7 | 330,8 | 291,3 | 211,6 | 387,3 | 476,2 | Күндөлүк трансферттер |
| **66,5** | **105,3** | **9,2** | **78,3** | **45,3** | **60,7** | **-168,7** | **Капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби** |
| -29,3 | -21,2 | -9,2 | -15,3 | -9,1 | -6,9 | -22,5 | Капитал менен операциялар эсеби |
| -29,3 | -21,2 | -9,2 | -15,3 | -9,1 | -6,9 | -22,5 | Капиталдык трансферттер |
| 95,7 | 126,5 | 18,4 | 93,6 | 54,3 | 67,6 | -146,3 | Финансылык эсеп |
| 55,5 | 56,6 | 78,4 | 17,5 | 74,5 | 65,0 | 53,8 | Тике инвестициялар* |
| -6,1 | -7,2 | -0,8 | -3,6 | -16,1 | -4,2 | 13,4 | Портфелдик инвестициялар |
| — | — | — | — | — | — | — | Финансылык деривативдер |
| 46,3 | 77,0 | -59,2 | 79,7 | -4,0 | 6,8 | -213,5 | Башка инвестициялар |
| 20,0 | -28,6 | -16,2 | 44,3 | -9,4 | -94,0 | -176,5 | Активдер ("-" көбөйүү) |
| 27,5 | 4,7 | -19,4 | 24,9 | 7,1 | -60,3 | -8,3 | Коммерциялык банктар |
| -7,5 | -33,3 | 3,2 | 19,4 | -16,4 | -33,7 | -168,2 | Жана башка активдер |
| 26,3 | 105,6 | -42,9 | 35,4 | 5,3 | 100,9 | -37,0 | Милдеттенмелер ("+" көбөйүү) |
| 38,9 | 21,0 | 16,3 | -9,6 | -9,5 | 7,8 | -39,4 | Коммерциялык банктар |
| 16,9 | 13,3 | 11,0 | 3,3 | 14,5 | 21,7 | 11,3 | Кредиттер |
| 3,8 | 10,2 | 9,5 | 4,5 | 5,8 | 7,5 | 1,2 | Мамлекеттик секторго кредиттер |
| 6,7 | 20,0 | 15,2 | 13,1 | 8,3 | 19,0 | 7,7 | Алынганы |
| -2,8 | -9,8 | -5,7 | -8,6 | -2,5 | -11,5 | -6,5 | Амортизация (графиктер) |
| 13,1 | 3,1 | 1,5 | -1,2 | 8,7 | 14,2 | 10,1 | Жеке секторго кредиттер |
| 16,8 | 13,0 | 6,2 | 4,4 | 13,0 | 17,1 | 18,8 | Алынганы |
| -3,7 | -10,0 | -4,7 | -5,6 | -4,4 | -3,0 | -8,7 | Амортизация (графиктер) |
| -29,5 | 71,3 | -70,2 | 41,8 | 0,4 | 71,4 | -8,9 | Жана башка милдеттенмелер |
| **64,8** | **56,7** | **21,3** | **133,4** | **123,4** | **201,9** | **330,9** | **Каталар жана калтырып кетүүлөр** |
| **5,3** | **100,2** | **107,7** | **94,1** | **-84,5** | **66,8** | **121,5** | **Жалпы баланс** |
| **-5,3** | **-100,2** | **-107,7** | **-94,1** | **84,5** | **-66,8** | **-121,5** | **Каржылоо** |
| -1,8 | -100,2 | -106,1 | -98,6 | 89,8 | -86,1 | -112,1 | Улуттук банктын камдары |
| -6,7 | -4,7 | -6,9 | -2,4 | -9,0 | 14,6 | -10,8 | ЭВФтин кредиттери |
| 3,2 | 4,7 | 5,3 | 6,8 | 3,7 | 4,8 | 1,4 | Өзгөчө каржылоо |
| — | — | — | — | — | — | — | Жана башка каржылоо |

* Улуттук банктын баа берүүлөрүн эске алуу менен.

# I тиркеме: Таблицалар жана графиктер

## I.1-таблица: Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (нейтралдуу түрдө берүүдө)

***(млн. АКШ долларында)***

| | 2004 | 2005 | 2006 | 2007 | 2007<br>9 ай | 2008<br>9 ай |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялардын счету** | **28,4** | **-38,4** | **-287,2** | **-228,3** | **-110,7** | **-489,6** |
| Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | -184,3 | -450,5 | -968,5 | -1196,4 | -790,4 | -1465,3 |
| Товарлар* | -170,6 | -418,7 | -886,5 | -1298,5 | -831,0 | -1412,6 |
| Товарлардын экспорту (ФОБ) | 733,2 | 686,8 | 906,0 | 1337,0 | 961,3 | 1294,2 |
| экспорт | 445,8 | 456,1 | 604,8 | 927,1 | 652,9 | 883,7 |
| порттордон алынган товарлар | — | — | — | — | — | — |
| монетардык эмес алтын | 287,4 | 230,7 | 206,0 | 224,8 | 169,4 | 271,0 |
| камтуу чөйрөсүнө оңдоолор | — | — | 95,2 | 185,1 | 138,9 | 139,5 |
| кайра иштетүү үчүн товарлар | — | — | — | — | — | — |
| Товарлардын импорту (ФОБ) | -903,8 | -1105,5 | -1792,4 | -2635,5 | -1792,3 | -2706,8 |
| импорт (СИФ) | -939,0 | -1099,5 | -1715,8 | -2408,6 | -1670,6 | -2884,0 |
| нарк боюнча оңдоолор | 69,9 | 86,3 | 138,7 | 158,0 | 109,2 | 190,0 |
| порттордон алынган товарлар | -3,4 | -2,8 | -2,4 | -8,4 | -0,4 | -12,8 |
| камтуу чөйрөсүнө оңдоолор | -32,7 | -90,5 | -212,9 | -376,5 | -230,5 | — |
| кайра иштетүү үчүн товарлар | 1,4 | 1,0 | — | — | — | — |
| Кызмат көрсөтүүлөр | -13,7 | -31,8 | -82,0 | 102,1 | 40,7 | -52,7 |
| экспорт | 209,8 | 259,4 | 378,7 | 684,3 | 461,7 | 653,9 |
| импорт | -223,5 | -291,3 | -460,8 | -582,2 | -421,0 | -706,6 |
| Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр | -37,9 | -64,9 | -121,4 | -197,8 | -147,9 | -203,0 |
| экспорт | 50,8 | 60,6 | 56,6 | 139,3 | 93,8 | 138,1 |
| импорт | -88,7 | -125,5 | -178,0 | -337,1 | -241,7 | -341,1 |
| Темиржол транспорту | -37,6 | -57,0 | -89,1 | -177,7 | -123,8 | -190,9 |
| экспорт | 11,4 | 17,2 | 20,1 | 34,4 | 26,4 | 34,1 |
| импорт | -49,0 | -74,2 | -109,2 | -212,2 | -150,2 | -225,0 |
| Аба транспорту | 16,0 | 8,6 | -0,9 | 12,6 | 0,8 | 33,4 |
| экспорт | 32,7 | 36,5 | 32,2 | 92,5 | 59,1 | 96,4 |
| импорт | -16,7 | -27,9 | -33,0 | -79,9 | -58,3 | -63,0 |
| Автомобиль транспорту | -9,1 | -15,1 | -26,3 | -20,5 | -15,7 | -24,1 |
| экспорт | 4,6 | 2,3 | 1,7 | 2,9 | 1,5 | 1,3 |
| импорт | -13,6 | -17,4 | -28,0 | -23,5 | -17,2 | -25,4 |
| Транспорттун башка түрлөрү | -7,2 | -1,4 | -5,2 | -12,1 | -9,3 | -21,5 |
| экспорт | 2,1 | 4,4 | 2,6 | 9,5 | 6,8 | 6,3 |
| импорт | -9,3 | -5,9 | -7,8 | -21,6 | -16,0 | -27,8 |
| Кыдыруулар | 25,3 | 14,6 | 75,3 | 255,8 | 162,8 | 114,4 |
| экспорт | 75,6 | 73,0 | 167,0 | 345,5 | 226,1 | 317,9 |
| импорт | -50,3 | -58,4 | -91,6 | -89,7 | -63,3 | -203,4 |
| Ишкердик кыдыруулар | 5,9 | 0,5 | 23,2 | 101,0 | 63,7 | 28,9 |
